
**Математика**
**PISAга багытталган тест**
**8 - класс**

***1-тапшырма.***

Оң жактагы маалыматты колдонуп, кыска жооптуу тапшырманы аткаргыла.

Эгерде эки бөлмөнүн тең бийиктиги 2,75 м, ал эми бөлмөлөрдүн калган өлчөмдөрү планда көрсөтүлгөндөй болсо, анда бул бөлмөлөрдү обой кылуу үчүн туурасы 1,06 м жана узундугу 10 м болгон туш кагаздан эң аз дегенде канча түрмөк алуу керек?

-




*Тапшырманын жообун атайын берилген жерге жазгыла.*

**Жообу:**

**Оңдоо**

Эркин бөлмөгө туш кагазды чаптоо үчүн керектүү түрмөктү бөлмөнүн периметри жана бийиктиги боюнча алуунун таблицасын таап алып, өз батиринин башка эки бөлмөсүндөгү туш кагаздарды алмаштырууну чечти.





ТАБЛИЦА РАСЧЁТА ОБОЕВ

| Высота потолка / Периметр комнаты | ширина рулона 0,53 м: до 2,5 м | от 2,5 до 3,3 м | от 3,3 м | ширина рулона 0,70 м: до 2,5 м | от 2,5 до 3,3 м | от 3,3 м | ширина рулона 1,06 м: до 2,5 м | от 2,5 до 3,3 м | от 3,3 м |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 8 м | 4 | 5 | 8 | 3 | 4 | 6 | 2 | 3 | 4 |
| 10 м | 5 | 6 | 9 | 4 | 5 | 7 | 2 | 3 | 5 |
| 12 м | 5 | 6 | 9 | 4 | 5 | 7 | 2 | 3 | 5 |
| 14 м | 7 | 9 | 13 | 5 | 7 | 10 | 3 | 4 | 7 |
| 16 м | 8 | 10 | 15 | 6 | 8 | 11 | 4 | 5 | 8 |
| 18 м | 8 | 11 | 17 | 6 | 9 | 13 | 4 | 6 | 8 |
| 20 м | 9 | 13 | 19 | 7 | 10 | 14 | 5 | 6 | 9 |
| 22 м | 10 | 14 | 21 | 8 | 10 | 16 | 5 | 7 | 10 |
| 24 м | 11 | 15 | 23 | 9 | 11 | 17 | 6 | 8 | 11 |
| 26 м | 12 | 16 | 25 | 9 | 23 | 19 | 6 | 8 | 12 |
| 28 м | 13 | 18 | 26 | 10 | 13 | 20 | 7 | 9 | 13 |
| 30 м | 14 | 19 | 28 | 11 | 14 | 21 | 7 | 9 | 14 |

***2-тапшырма.***

Оң жакта жайгашкан текстти окуп, тапшырманы кенен (толук) чыгарылышы менен аткаргыла. Тапшырманын чыгарылышы толук көрсөтүлүшү жана удаалаштык сакталышы керек.

| № | Туш кагаздарды чыгарган өлкө | Бир түрмөк туш кагаздын өлчөмдөрү кв.м | Бир түрмөктүн баасы, сом. | Кепилдик жыл | Бонус |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Орусия | 0,9х10 | 2200 | 1 | 5 түрмөк үчүн + 2 куту клей |
| 2. | Туркия | 1х10 | 3300 | 2 | 5% арзандатуу |
| 3. | Италия | 1х10 | 6600 | 3 | 10% арзандатуу |
| 4. | Беларусия | 0,9х10 | 1800 | 2 | 5 түрмөк үчүн +1 куту клей |

Эркин 5 түрмөк туш кагаз жана 2 куту клей сатып алышы керек. Эгер клейдин бир кутусу 300 сом болсо, анда Эркинге кайсы өлкөнүн туш кагазын сатып алган ыңгайлуу?

*Жообун чыгарылышы менен жазгыла:* ______________________
____________________________________________________

____________________________________________________

**Оңдоо**

Ремонтко даярдануу учурунда Эркин туш кагаздар тууралуу айрым маалыматтарды изилдеп көрдү. Туш кагаздардын негизги түрлөрү: кагаз, кагаздык негизден турган винилдик жана флизилиндик негиздеги винилдик болоорун билди. Сапатына жана өндүрүүчүсүнө жараша туш кагаздын баасы да ар кандай болот.





Дүкөндөрдө туш кагаздарды сатып алууда ага арзандатуу же бонус – туш кагаздын бир кутуча клейин белекке беришет. Бул тууралуу бардык маалыматтар таблицада келтирилген.